**ИШЕКЕЕВ Н.**
lib.knu@mail.ru

# КӨРКӨМ-ЭСТЕТИКАЛЫК БИЛИМДИН БУЛАГЫ – ЖАҢЫ МУУНДАГЫ ОКУУ КИТЕПТЕРИ

Окуучуларга адабий-теориялык жана көркөм-эстетикалык билим берүүнүн башкы булагы-окуу куралдары.

V класстын окуу китеби (К.Артыкбаев, Б.Исаков) окуу программасына ылайык өркүндөтүлүү менен билим берүү системасында кыйла жылдардан бери колдонулуп келе жатат [1]. Бул окуу китеби менин илимий монографиямда кеңири талдоого алынган [2]. Ошондуктан окуу китептеринин жаңы муундары жөнүндө сөз кылууну максатка ылайыктуу көрүп турам.

VI класстын окуу китебин [3] жаңы авторлор түздү (А.Сманбаев, Н.Ишекеев). Окуулуктун мазмунун төмөнкү материалдар уюштурган. Алар: Элдик оозеки чыгармачылыктын казынасынан (эмгек ырлары, каада-салт ырлары, жарамазан, арман, кошок, тамсил); элдик эпостордон (“Эр Төштүк”, “Манас”); эл акындарынын чыгармаларынан (Т.Сатылганов, Жеңижок, Б.Алыкулов); акын-жазуучулар кайра иштеп чыккан чыгармалардан (“Толубай сынчы”, “Чептен эрдин күчү бек); кыргыз фантастикасынан (Б.Сартов, “Роботтун туулган күнү”, “Он үчүнчү толкун”); кыргыз элинин өткөн турмушунан (Т.Сыдыкбеков “Көк асаба”, А.Токомбаев “Күүнүн сыры”, “Акылмандын жообу”, Т.Касымбеков “Даргага асуу”, А.Токтомушев “Какшаалдан кат”, М.Элебаев “Бороондуу күнү”); жаңы турмуш, согуш темасынан (Ч.Айтматов “Биринчи мугалим”, М.Элебаев “Улуу марш”, Ж.Бөкөнбаев “Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга”, Ч.Айтматов “Бетме-бет”, Т.Үмөталиев “Кубат”, М.Абылкасымова “Эстелик сүйлөйт”, К.Акматов “Мезгил”); жаратылыш жан-жаныбарлар жөнүндө (Т.Сыдыкбеков “Көк-серек”, К.Осмоналиев “Бүркүтчү”, А.Стамов “Үч мээрим”); адеп-ахлак темасынан (Ж.Мавлянов “Нан”); чыгыш элдеринин таалим-тарбия мурастарынан (Абу-Али Ибн-Сина “Улукмандын жүз насаатынан”); чыгыштын нускалуу икаяларынан (“Атанын окуясы”, “Үч уул”, “Канаат кылуунун пайдасы, өжөрлүктүн кесепети”); боордош элдердин оозеки чыгармаларынан (“Жалкоо”, “Алтын балык”). Аталган көркөм чыгармалар көркөм-эстетикалык нарк-насилине, жанрдык-тематикалык жаратылышына, адеп-ахлактык дөөлөтүнө, лингвистикалык касиетине жана психологиялык-педагогикалык табиятына жараша кылдаттык менен иргелип алынган.

Акын-жазуучулардын өмүр баяны, чыгармачылыгы жөнүндөгү маалыматтар кыска жана нуска токулган. Алардын мазмуну окуучулардын кумарлануусун жана ойлонуусун пайда кылат. Ал эми тигил, же бул чыгарма жөнүндө талдоолор, теориялык түшүнүктөр предметтүү жана образдуу жазылган. Материалдардын мазмуну адабият илиминин соңку жетишкендиктерине негизделген, көркөм-эстетикалык булактары, түшүнүктөрү, эрежелери, бүтүмдөрү удаалаш, тиешелүү багытка ээ, албетте, системалуу, окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүнө бап келет, оптималдуу. Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн берилген суроолордун жана тапшырмалардын табияты да алардын акыл-эс, көркөмдүк, адеп-ахлактык, эмгектик жана башка жактан билим-тарбия берүүнүн куралы катарында уңгулуу касиетке ээ экендигин байкоого болот.

VIII класстын окуу китеби (Б.Исаков, Ч.Исакова) адабий билим берүүнүн уңгусун түзгөн үч системадан турат [4]. Биринчиден, кыргыз элинин байыркы жазма эстеликтери, оозеки-көркөм казынасы, орто кылымдагы адабий мурастары, уламышка айланган акындардын чыгармалары, XIX-XX кылымдардагы эл ырчыларынын көркөм дөөлөттөрү, түрк элдеринин кенчтери, байыркы кытай поэзиясы, чыгыш классикасы ж.б. обьективдүү билимдер иштелип чыккан жана теориялык жактан ирээтке кылдат салынган. Ал окуу китеби илимий-адабий билимдердин курамын жана суммасын берүү жагынан рационалдуу касиетке ээ.

Билимдердин мезгили жана мейкиндиги көп түрдүүлүктүн бүтүндүгүн уюштуруп турат. Ошого жараша авторлор илимий-көркөм чындык кубулуштарын, процесстерин издеп таап, жыйнап, таржымалдап, түшүндүрүүп жазуу жагынан ийгиликтерге жетишкен. Бөтөнчө, маалыматтардын окуучуларга ылайыкталып, кайрадан иштелип чыккандыгы, жеткиликтүүлүгү жана кызыктуу кылып, актуалдуу баяндоого жетишкендиги айкын көрүнүп турат. Окуу китебинде адабият илимине байланыштуу түшүнүктөрдүн семантикасы логикалык жактан айкын жана образдуу ачылып, көркөм-эстетикалык билимди берүүнүн көп түрдүүлүгүнүн бирдиктүү курамына айланган.

Экинчиден, табигый тилдик жана татаал эстетикалык белгилерден түзүлгөн адабий-көркөм тексттерди окуучулардын билимине жана психологиясына ылайыкташтырып адаптациялоонун системасы ийгиликтүү колдонулган.

Үчүнчүдөн, керектүү адабий билимди издөөдө, табууда, бышыктоодо, билгичтикти жана көндүмдөрдү калыптандыруунун салттуу (суроолор жана тапшырмалар) жана салттуу эмес көрүнүштөрү (окуялар топтому, бейне топтому, сөз берметтери ж.б.) система катары берилген. Жалпылап айтканда, аталган окуу китеби адабий жана дидактикалык үлгүлүү касиетке, жаңычыл умтулушка ээ.

X класстын окуу китеби [5] да өркүндөтүлүп, 2000-жылы жаңы авторлор тобу тарабынан жазылды (К.Асаналиев, С.Байгазиев, С.Жигитов, К.Иманалиев). Китептин курамы беш бөлүктөн турат, алар: XIX-XX кылымдардагы кыргыз кол жазма адабияты; кыргыз профессионал адабиятынын жаралышы (1919-24); кыргыз адабияты согушка чейинки мезгилде (1930-40); Улуу Ата Мекендик согуш жана андан кийинки мезгилдеги кыргыз адабияты (1941-69); батыш классикасы. Аталган обзордук бөлүмдөрдө көркөм-эстетикалык кубулуштардын ортосундагы зарыл жана обьективдүү, маани–маңыздуу, ошондой эле туруктуу, кайталануучу алака-катыштар, байланыштар кең мейкиндикте жана айкын мезгилде ачылган. Алар адабий билим берүүчүлүк жана таалим-тарбия этүүчүлүк касиетке ээ.

Портреттик бөлүмдөрдүн катары жаңы ысымдар менен толукталган. Атай кетсек, Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Осмонаалы Сыдыков, Белек Солтоноев, Казыбек Мамбетимин жана Касым Тыныстанов. Бул өнөринсандарынын өмүр баянын жазууда, чыгармаларын талдоодо окуу китебинин авторлору мазмунду аныктоонун илимийлүүлүк, тарыхыйлуулук, удаалаштык, системалуулук, тиешелүүлүк жана гумандуулук принциптерин толук жетекчиликке алышкандыгын баамдоого болот. Жалпылаштырып айтканда, аталган окуу китеби көркөм-эстетикалык билим берүүнүн көп түрдүү жана мартабалуу мазмунун интеграциялоо аркылуу кол жазма адабиятынан баштап согуштан кийинки мезгилге чейинки улуттук поэтиканын илимий сүрөттөлүшүн сапаттуу тартып берүүгө жетишкен.

XI класстын “Кыргыз адабияты” [6] жаңы авторлор менен толукталып (К.Артыкбаев, К.Асаналиев, С.Байгазиев, Н.Ишекеев, А.Муратов), 2000-жылы жарык көрдү. Китеп өркүндөтүлгөн окуу программасына ылайык жазылган. Ал 1960-90-жылдардагы кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө обзордук планда жалпылаштыруу менен ачылат. Факт-материалдарынын тактыгы, талдоолорунун негиздүүлүгү, ойлорунун логикалуулугу менен айырмаланып турат. Ошону менен катар акын-жазуучулардын өмүр-баянына, чыгармачылыгына арналган таржымалдардын да окуучуларга билим берүүчүлүк, инсанга таалим-тарбия этүүчүлүк жана жарандык өнүктүрүүчүлүк касиет-наркы үлгүлүү токулгандыгын сомосунан белгилей кетсек болот. Окуу китебиндеги мурунку жана жаңы кирген ар түрдүү жанрдагы (“Майдан”, “Сынган кылыч”, “Кесиринсан”, “Ашуудан берген отчетум”, “Төрт адам” ж.б.) чыгармалар мазмуну менен формасына ылайык талданган. Талдоолордун мазмуну кµркµм чыгармаларда чагылдырылган улуттук жана бүткүл адамзаттык баалуулуктарды камтып, окуучулар тарабынан жалпы кабылдануучулук дөөлөткө ээ.

Бул окуу китебинде биринчи жолу “Манастаануу” курсу көркөм-эстетикалык жана тарыхый логикалуу алкакта негиздүү таржымалданган. Ал узак мезгилди жана зор мейкиндикти камтыйт. Төмөнкүдөй бөлүктөрдөн турат: “Манас” эпосунун кыргыз элинин рухий турмушунда алган тарыхый орду жана анын бүгүнкү күндөгү мааниси; эпосту эл

оозунан жыйноо тарыхы; XVI кылымдагы “Тарыхтар жыйнагы” жана “Манас”; Чокон Валиханов жана “Манас” эпосу; В.Радлов жана “Манас” эпосунун Европада таанылышы; Будапештке кеткен жетимиш эки сап; Кенжекара; Татар – башкыр мугалимдеринин “Манасты” жыйнашы; Октябрь төңкөрүшүнө чейин кыргыздардан “Манасты” жыйнагандар болгонбу?; Совет бийлиги жана “Манас” ааламынын алгачкы карлыгачы; С.Орозбаковдон “Манастын” жазылып алынышы; “Манас” эпосу Саякбайдан кандайча жазылып алынышы; Манасчылар жана “Манастын” варианттары; Кытай жана Ооганстанда “Манас” кантип жыйналган?; улуу эпостун жарыяланыш тарыхы; эпостун изилдениш тарыхы; “Манастын” орус жана казак окумуштуулары тарабынан изилдениши; “Манас” эпосунун кыргыз окумуштуулары тарабынан изилдениши; эпостун чет өлкөлөрдө изилдениши. Ошентип, бул бөлүм батыш менен чыгыштын акыл-оюн боюна сиңиргенине жараша илимий негиздүүлүгү жана педагогикалык баяндалышы аркылуу айырмаланып турат. Кыскасы, окуу китебинин мазмуну жана формасы кыргыз адабият илиминин синхрондуу жетишкендиктерине интеграциялануу аркылуу окуучулардын көркөм-эстетикалык билимдерин тереңдетүүлөрүнө мөл булак болот жана алардын кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрүнө, курактык өзгөчөлүктөрүнө шай келет.

Келечекте түзүлүүчү окуу китептерине тиешелүү болгон жалпы талап-проблемалардын айрымдарын белгилей кетели:

1. Кыргыз педагогикалык коомчулугу, Кыргыз республикасынын билим берүү жана илим министрлиги баарыдан мурун кайсы класстарга окуу китеби, кайсы класстарга окуу-хрестоматиясы, кайсы класстарга окуулуктун элементин ичине алган хрестоматия, кайсы класстарга кошумча окуу куралы түзүлүш керек экендигин кайрадан карап чыгуу керек.

2. Мына ошого ылайык алардын методика-дидактикалык, адабий-эстетикалык жана лингвистикалык критерийлерин, талаптарын (азыркы окуу китептерине коюлуучу талаптар ага жооп бербейт) жаңыдан түзүп, кеңири талкуулоодон өткөрүлүшү тийиш. Мындай болбогондо азыркы колдонулуп жаткан окуулуктардын, айрыкча, ортоңку класстарга арналган окуулуктардын айрымдары текст гана бергени болбосо, окуу китеби тибинде болуп окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө оордук келтирсе, кээ бирлери хрестоматия катары түзүлүп, кыска аннотациялар менен жабдылган сыяктуу башаламандыктар орун ала бермекчи.

3. Кыргыз республикасынын билим берүү мыйзамынын негизинде, азыр IX классты бүтүргөндөн кийин, негизги мектепти бүткөн деген документ берилет. Окуучу андан ары окуусун каалоосуна жараша, же жогорку класста, же орто окуу жайында, лицей-колледждерде улантат. Демек, бул класстардын окуулуктарынын жаңы тибин белгилеш керек. Биздин оюбузча, негизги класстардын окуулуктары: V-VI класстарда окуулуктун элементин ичине алган хрестоматия (ал «Хрестоматия» деп гана аталышы керек); VII-VIII класстар окуу-хрестоматиясы; XI класс окуу китеби (бирок мында азыркыдай жалгыз гана кыргыз совет адабияты эмес, ортоңку класстарда алган билимди системалаштыруу, жыйынтыктоо максатында кыргыз эл оозеки адабияты, акындар поэзиясы жөнүндө да маалымат берилип, бул окуулукка текст кирбеши тийиш) деп аталып, алардын өзүнчө критерийлерин иштеп чыгуу максатка ылайыктуу болот. Хрестоматия, окуу-хрестоматиянын түзүүчүлөрүнө аларды дараметтеринин жетишинче «окуу китептештирип», же ашыкча «лабораториялаштырып», же «сулп текстештирип» жиберүүлөрүнө жол бербөө керек. Бул жерде аныктоочу критерий балдардын жаш өзгөчөлүгү, класстын көлөмү, психологиялык кабылдоолору жана логикалык ой жүгүртүү-корутундулоо деңгээлдери болот.

4. Жогорку класстарда кыргыз адабияты окуу китебинин жалпы билим берүүчү жана тереңдеп үйрөнүүчү класстарга арналган эки тиби иштелип чыгышы жөндүү.

5. Жогорку класстарда байыркы кыргыз адабияты, кыргыз жазма адабиятынын тарыхы жана кыргыз совет адабиятынын тарыхы деген өз алдынча эки башка системалуу курстан туруп, алар өзүнчө окуу китептерине, хрестоматияларына ээ болуусу тийиш. Окуу китептеринин азыркы мезгилдеги бул жалпы проблемалары адабий-педагогикалык коомчулуктун талкуусунан өтүп, колдоого ээ болгондо, педагогика-филологиялык даярдыгы, тажрыйбасы бар кадрлар менен камсыз болгондо гана чечилери башык.

Корутундулап айтканда, окуу китептерин өркүндөтүүчү төмөнкү ой бүтүмдөрүнө келүүгө болот.

Окуу куралдары боюнча:

- мазмунду аныктоочу принциптерди (илимийлүүлүк, тарыхыйлуулук, удаалаштык, системалуулук, тиешелүүлүк, гумандуулук) оптималдуу пайдалануу аркылуу окуу китептеринин билим берүүчүлүк жана таалаим-тарбия этүүчүлүк касиеттерин үзгүлтүксүз өркүндүтүп турууга жетишүү;

- окуулук-хрестоматияларга негизги текст катары көркөм чыгармаларды жана алардын үзүндүлөрүн тандап, иргеп, адаптациялап киргизүүнүн сапат-касиетин өркүндөтүү;

- окуу материалдарын тереңирээк, кененирээк үйрөтүү максатында чыгармалардын окуя-конфликтисин, образ-мүнөзүн, идея-проблемасын айкындаган, мүнөздөгөн, талдаган түшүндүрмө тексттердин адабий-педагогикалык таржымалданышын сапаттык жаңы деңгээлге көтөрүү аркылуу ар кандай саясий-идеологиялык “резолюциялардан”, “нормалардан” четтеп, улуттук рухка жана жалпы адамзатка таандык, көркөм-эстетикалык нарк-дөөлөттөргө багыт алуу;

- көркөм чыгармалардын эстетикалык логикасындагы, поэтикалык структурасындагы табышмактарды тапкан, сырларын ачкан кошумча тексттерди адабий-педагогикалык максатка ылайыктуу пайдалануу;

- тексттен тышкаркы аппараттарды (суроолор, тапшырмалар, көнүгүүлөр ж.б.) адабий-дидактикалык максатка төп түзүү аркылуу окуучулардын акыл-эс ишмердигин, эмоциясын активдештирүү, индивидуалдуу үзгүлтүксүз билим алуусун уюштуруу жана ал процессти ыкчамдатуу, чыгармачыл ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу, интеллектисин өркүндөтүү, билимди практикада колдонууга машыктыруу;

- адабий обзорлордо ошол мезгилдин поэтикалык-эстетикалык мүнөздүү белгилерин, касиеттерин, өзгөчөлүктөрүн объективдүү таржымалдоо, асыресе, кызылдай саясатташтырбоо;

- адабий-монографиялык портреттерде акын-жазуучулардын индивидуалдуу турпатын, руханий-чыгармачылык дүйнөсүн, көркөм-эстетикалык көз карашын, инсандык типтүү образын калыс, чынчыл чагылдыруу;

- тигил, же бул чыгарма жөнүндө толук маалымат берүүчү система катары көрүнгөн адабий талдоолордогу бир беткей схемалардан, даяр жоболордон, белен эрежелерден кол үзүү;

- ар бир чыгарманы жанрдык-стилдик, көркөм-эстетикалык табиятына жана адабий-педагогикалык факторлорго жараша талдоо;

- адабий-теориялык түшүнүктөрдү конкреттүү көркөм материалдар менен синтездештирип баяндоо;

- интеграциялап билим берүүнү окуу китептерине туруктуу отурукташтыруу;

- окуу куралдарынын типтерин аныктоо;

- өспүрүмдөрдүн көркөм чыгармаларды окууга карата кризиси тереңдеп, рыноктун шартында окуу программаларындагы материалдардын басмадан жарык көрүшү татаалдашып турганда жогорку класстардын окуу куралдарын да окуулук-хрестоматия тибинде чыгарууну практикалоо;

- тигил, же бул чыгарма туурасында адабияттын тарыхындагы, илиминдеги, сынындагы ар түрдүү көз караштарды окуу куралында берүү;

- ал аркылуу көркөм-эстетикалык көз караштардын плюрализмине жетишүү ж.б.

**АДАБИЯТТАР**


1. Артыкбаев К., Исаков Б. Биздин адабият: Орто мектептердин V класс үчүн окуу китеби. – Бишкек: Акыл– Мектеп, 1998.– 448 б.
2. Артыкбаев К., Исаков Б. Биздин адабият: Орто мектептердин V класс үчүн окуу китеби. — Бишкек: Акыл–Мектеп, 2003.– 448 б.
3. Артыкбаев К., Исаков Б. Биздин адабият: Орто мектептердин V класс үчүн окуу китеби.–Бишкек: Билим куту, 2007. – 448 б..
4. Ишекеев Н. Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы.- Бишкеке 1994. - 215-220-б.
5. Сманбаев А., Ишекеев Н. Кыргыз адабияты: Орто мектептердин VI класс үчүн окуу китеби.1-бас.–Бишкек: 2000.-368 б.
6. Сманбаев А., Ишекеев Н. Кыргыз адабияты: Орто мектептердин VI класс үчүн окуу китеби.2-бас.–Бишкек: Педагогика, 2003. - 368 б.
7. Сманбаев А., Ишекеев Н. Кыргыз адабияты: Орто мектептердин VI класс үчүн окуу китеби.3-бас.–Бишкек: Учкун, 2007. - 320 б.
8. Исаков Б., Исакова Ч. Кыргыз адабияты: VIII класс үчүн окуу китеби. 1-бас.–Бишкек: Педагогика, 2007. –384 б.
9. Исаков Б., Исакова Ч. Кыргыз адабияты: VII класс үчүн окуу китеби. 2-бас.–Бишкек: Билим. Компьютер, 2007. – 384 бет.
10. Асаналиев К., Байгазиев С., Жигитов С., Иманалиев К. Кыргыз адабияты: –X класс үчүн окуу китеби.–Бишкек: Кыргызстан, 2000. – 360 б.
11. Асаналиев К., Байгазиев С., Жигитов С., Иманалиев К. Кыргыз адабияты: –X класс үчүн окуу китеби. – Бишкек: Акыл-Мектеп, 2003. – 360 б.
12. Асаналиев К., Байгазиев С., Жигитов С., Иманалиев К. Кыргыз адабияты: –X класс үчүн окуу китеби.–Бишкек: Билим куту, 2007. – 360 б.
13. Артыкбаев К., Асаналиев К., Байгазиев С., Иманалиев К., Ишекеев Н., Муратов А. Кыргыз адабияты: XI класс үчүн окуу китеби.–Бишкек: Педагогика, 2000.–288 б.
14. Артыкбаев К., Асаналиев К., Байгазиев С., Иманалиев К., Ишекеев Н., Муратов А. Кыргыз адабияты: XI класс үчүн окуу китеби.–Бишкек: Бийиктик, 2004.–336 б.
15. Артыкбаев К., Асаналиев К., Байгазиев С., Иманалиев К., Ишекеев Н., Муратов А. Кыргыз адабияты: XI класс үчүн окуу китеби. –Бишкек: Билим. Компьютер, 2007.–336 б.